Т. Б

АНАШ СООРОНБАЕВ





*поэмалар, ырлар*

# АКСЫ БАЯНЫ

Анаш СООРОНБАЕВ

# АКСЫ БАЯНЫ

(поэмалар, ырлар).

Кыргыз Жумуриятынын жазуучулар Бирлигинин Ош дубандык бөлүмүнүн алдындагы «Жазуучу» чакан ишканасы.

4664551

## АВТОР ЖӨНҮНДӨ ЭКИ ООЗ СӨЗ

Анаштын адабий чыгармачылыгы айылда калыптанды. Ал качан жана кайсыл кызматта иштебесин, жаратылыш тартуулаган шык, жөндөмүн туура айкалыштырып, өзүн журналисттик татаал жана түйшүктүү кесиптин чыныгы ээси катары көрсөтө алды. Анын калеминен ондогон ой толгоолор, публицистикалар жана очерктер жаралды.

Анаш өзү туулуп-өскөн жерин, эмгекчил элин көркөм сөз каражаттары менен сүрөттөп, даңазалады. Айрыкча жаратылышты, экологияны коргоо боюнча жазган проблемалуу макалалары өз мезгилинде окурмандардын урматтап кабылдоосуна ээ болгон.

Бирок, менин белгилеп кетейин дегеним: кантсе да Анаш журналисттик жооптуу кызматтарда иштеп жүрүп, негизги адабий чыгармачылыгынан адашкан жок. Журналисттин акындык калеминен «Тоо жели», «Менин ырым», «Күмүшкан», «Сары-Челек кайрыктары» деген ыр жыйнактары жаралып, окурмандардын колуна тийди.

Албетте, борбордон алыста — айылда жашап жана иштеп жүрүп, айрым кыйынчылыктарды жеңип, мына ушундай ыр китептерин чыгарууга жетишкен Анаштын чыгармачыл аракети кеч да болсо өзүнчө сөз кылууга арзыйт деген ойдомун. Мындай асыл

иш дээринде бар адамдын гана колунан келүүсү мүмкүн. Кеп ошол мүмкүнчүлүктү колдон кетирбей пайдалангандыкта.

Анаш чыгармачылыгы боюнча эки уюмдун: журналисттер жана жазуучулар бирликтеринин мүчөсү. Мына бул сиздердин колуңуздардагы «Аксы баяны» Анаш акындын бешинчи ырлар жыйнагы болуп саналат. Азыркы каатчылыктын капшабы китеп басып чыгаруу ишине да терс таасирин тийгизгендигине байланыштуу Анаш бул китебин өз жанынан акча төлөп бастырып чыгарууга батынгандыгы да анын талант-кумарынын бийиктигин айгинелеп турат.

Бул китепке автордун «Согуш күнөөлүү», «Жетилген чынар» жана «Аксы баяны» аттуу поэмалары кирген. Айрыкча «Согуш күнөөлүү» поэмасында алаамат мезгилдеги өз башынан өткөн урунттуу окуяларды ишенимдүү жана көркөм табитте сүрөттөй алган.

Айылдык акындын калеминен жаралган бул чыгармалар менин оюмча окурмандарды кайдыгер калтырбайт. Анткени, Анаштын бул поэмаларында акындык эргүү менен адамгерчиликтин чыныгы сапаты жуурулушуп тургандай сезилет.

Сөз кезегинде дагы бир белгилеп кетүүчү нерсе — Анаш чебер журналист, акын гана эмес, ырчы, обончу, комузчу, аткаруучу калары да өз элине таанылган өнөрпоз.



Ал 1957-жылы мурдагы Жаңы-Жол райондук маданият бөлүмүнүн башчысы болуп иштеп турган мезгилде эл чыгармачылыгынын биринчи фестивалына катышып, Б. Эгинчиевдин «Айнагүл» (сөзү О. Асановдуку) деген ырын чебер аткаргандыгы үчүн «Фестивалдын лауреаты» деген ардактуу наамга татыктуу болгон. Анаштын өзү чыгарган обондору жана күүлөрү да бар. Демек, биз Анашты акын, журналист гана эмес, көп кырдуу талант деп тааныйбыз.

**Төлөгөн КАСЫМБЕКОВ**
**Кыргыз эл жазуучусу.**

## АКСЫ БАЯНЫ

Ак ниеттүү, адилет,
Адамдар менен сырдаштым.
Ак калпак элдин сыймыгы,
Аксыны* даңктап ыр жаздым.
Улуу, кичүү, тең менен,
Уздай кезден сырдашмын.
Уюткулуу журтумду,
Умсунтуп уят кылбасмын.

* * *

Калыстык кылып эгер биз,
Кайрылып көрсөк тарыхка.
Аймактын аты Аксы деп,
Айтылып калган тарыхта.
Далилдеп баарын сөз кылсак,
Дареги кетет алыска.
Абалтан бери бек болгон,
Аксынын эли намыска.

* * *

Аземдеп буюм жасаган,
Зергерлер чыккан Аксыдан.
Душманын мээлеп көзгө аткан,
Мергендер чыккан Аксыдан.

х. Аксы — Касан-Сай менен Сыр-Дарыянын куйма сына жакын жерден орун алган байыркы шаар болгон.



«Өмөр шайх кулап өлдү,*» — деп,
Кептер учкан Аксыдан.
Атактуу баатыр Бабурдай,
Бектер чыккан Аксыдан.

* * *

Алыска аты тараган,
Аксынын сыры теренде.
Чыгышта көрктүү шаар болгон,
Чындыгын айтсак эгерде.
Бабурга мурас калтырган,
Өмөр шайх өзү өлөрдө.
Калдыгы турат калаанын,
Касандан ары төмөндө.

* * *

Окурман калкым, сен эми,
Окусаң «Бабурнамени».
Аксыны, Ошту сүрөттөп,
Жазыптыр анын калеми.
Бардыгы таасын айтылган,
Тарыхтын булак, дареги.
Маанилүү аны үйрөнсөн,
Мазмунга толгон данеги.

* * *

Тоолору токой ыкшалган,
Түздүгү пахта мекени.

х. Өмөр шайх-байыркы Фергана өлкөсүнүн падышасы. Аксы анын ордосу болгон. Ал багуудагы кептерлерине жем салам деп кептерканадан кулап өлгөндүгү жөнүндө кептерлеринин бутуна кат байлап, дүйнөнүн түркүн өлкөлөрүнө учурган деген кеп бар.

Сыр-Дайра менен жалгашкан,
Аксынын барып этеги.
Доордон доор алмашып,
Замандын өткөн нечени.
Кыялда турат элестеп,
Кылымдар көчү кечээги.

* * *

Байлыкка толгон жерлери,
Бапестейт аны элдери.
Талаалар гүлдөп жаңырып,
Таанылгыс болгон чөлдөрү.
Даңкын угуп Аксынын,
Далайлар келген көргөнү.
Абалтан ата-бабанын,
Айтылып калган өрнөгү.

* * *

Ак мөңгүдөн куралып,
Ар өзөндөн суу агып.
Айланасы аска, зоо,
Ала-Тоого уланып.
Ортосунда Бозбу тоо,
Бой керип жатат суналып.
Түштүгүндө Унгар тоо,
Тумандуу күндө тунарып.
Акындар кошуп ырдаган,
Аксынын атын чыгарып.

* * *

Жемиши бышып төгүлгөн,
Жерлери сонун Аксынын.
Эмгекчил өскөн жашынан,
Элдери сонун Аксынын.



Кара май, сурма, таш көмүр,
Кендери сонун Аксынын.
Өзгөртүп өңүн кулпурткан,
Өрүшү сонун Аксынын.

* * *

Атырдай жыты аңкыган,
Гүлдөрү сонун Аксынын.
Ай жарыкта чалкыган,
Түндөрү сонун Аксынын.
Көргөндө көңүл эргиткен,
Көлдөрү сонун Аксынын.
Көл үстүндө чардаган,
Өрдөгү сонун Аксынын.

* * *

Анары кыздын бетиндей,
Коону койдун этиндей.
Жайнап турса бардыгы.,
Кое албайсың жетинбей.
Арбап турат сатуучу,
Аларманды кетирбей.
Куп жарашса соодаңыз,
Кубанасыз өкүнбөй.

* * *

Көз талдырат көргөндө,
Көркөмдөп соккон килеми.
Адамды тартат өзүнө,
Атлас, шайы, жибеги.
Саймалуу допу, ак калпак,
Эки элдин достук илеби.
Атак, даңкын Аксынын,
Айтпасам калкым билеби!

Сан элес көзгө көрүнгөн,
Сары-Челек сенин төрүндөн.
Ышкындуу ар бир колотуң,
Ыкшалып өскөн көбүргөн.
Ылайыктуу кооз жер,
Ырыскы, байлык төгүлгөн.
Ырахмат айтат көргөн жан,
Ыраазы болуп көңүлдөн.

* * *

Атырдай жыттуу желаргы,
Аркыттай кооз жер барбы!
Өркүндөп өстү элибиз,
Өткөрүп баштан жыргалды.
Жээгинде аттуу бастырып,
Жеңижок төккөн ырларды.
Ак таңдай акын таңшыган,
Аралап адыр, кырларды.

* * *

Токтогул акын келген жер,
Толгонуп ырдап берген жер.
Алымкул эңсеп келген жер,
Аземдеп ырдап берген жер.
Айтышкан мактап сөз кылып,
Айылдап мында келгендер:
«Аягы Аксы, башы Чер,
Ааламда жоктур мындай жер».

* * *

Пача-Ата менен Баба-Ата,
Байыртан бизге ыйык жер.
Итагар менен Балтыркан,



Суктандырган сулуу төр.
Кожожаштын аскасы,
Авлетимди келип көр.
Көңүлдү тартат жаңгагы,
Алмурут, алма, өрүктөр.

* * *

Карасаң байкап аралап,
Калың, жыш өскөн карагат.
Кызыктырат адамды,
Кыпкызыл болгон кожогат.
Алчасы бышып мончоктой,
Арчасы чачын таранат.
Суу боюнда кайыңдар,
Суйкайып боюн каранат.

* * *

Толкутат адам көңүлүн,
Токоюң менен сууларың.
Ток пейил кылат кишини,
Топтошуп учкан кууларың.
Торгоюң таңда чулдурап,
Тоолордо таңшыйт уларың.
Тажабай угуп олтурсаң,
Таркатат адам кумарын.

* * *

Булутсуз ачык күндөрүң,
Буруксуйт жыпар гүлдөрүң.
Буулуккан чериң жазылат,
Булбулдун уксаң үндөрүн.
Бузбастан сайрайт тигине,

Буруп миң түркүн куүлөрүн.
Берилип тыңшап көңүл бур,
Безентет куштар тилдерин.

* * *

Абайлап барсаң жакындан,
Аюусу мөңкүп бакырган.
Қаманына туш болсоң,
Қаласың шашып акылдан.
Шакылыктап сагызган,
Қекилик өзүн чакырган.
Суурлар ташта чыркылдап,
Шашырга башын жашырган.

* * *

Түлкүсү түндө жойлогон,
Куушуп тынбай ойногон.
Қарышкыр жортот шимшилеп,
Кур калгансып олжодон.
Бугулар чогуу жайылып,
Жырткычтан өзүн коргогон.
Жыйрылтып адам сезимин,
Жыландар жүрөт сойлогон.

* * *

Мөлтүрөп шагы ийилген,
Мөмөсү тоодой үйүлгөн.
Аркарлар оттоп таңынан,
Аргымактай түйүлгөн.
Ээлигип шашып энтелеп,
Элиги буйтап жүгүргөн.
Қоёндор ийинин табалбай,
Қоркушуп качып бүлүнгөн.

* * *



Алмустактан бер жакка,
Адамды баккан жер экен.
Байлыкты мол жараткан,
Маңдайдан аккан тер экен.
Атагы кеткен алыска,
Абалтан Аксы берешен.
Ата салтын улантып,
Ар убак болсун эл эсен.

* * *

Айыгышкан кандуу күрөштө,
Актарды жеңип кызылдар.
Алгачкы жолу Аксыда,
Район болгон Қызыл-Жар.
Аймагы эле Таш-Көмүр,
Ала-Бука, Чаткалдар.
Ал кезде иштеп күнү-түн,
Аз эмес азап тарткандар.
Жакшылап издеп тактаса,
Жазылар далай дастандар.

* * *

Биринчи болгон төрага,
Субан уулу Дарчибай.
Басмачы күчөп ал кезде,
Эл ичи жакшы тынчыбай.
Курман болгон душмандан,
Төлөбаев Алибай.

* * *

Айта берсе жарашат,
Аксынын байлык кендерин.
Қызыкка чындап батасың,

Кыдырып көрсөң эл, жерин.
Асылын алып, дан багып,
Аябайт алар эмгегин.
Эртелеп ишке киришип,
Эгизден алат төлдөрүн.

* * *

Акын Током ырдаган,
Акбаары менен Самсаалы.
Аксыда жашап өтүшкөн,
Артында калды балдары.
Атактуу сулуу Алымкан.
Туулган жери Малгалды,
Токтогул какшап жеталбай,
Дүйнөдөн өткөн армандуу.

* * *

Оошуп заман, мезгилдер,
Окуя өттү көп эле.
Кылымдар жашап келсе да,
Кыргыздар кимге тең эле?!
Азыркы совхоз «Кызыл-Жар»,
Ал кезде бопбоз чөл эле.
Баатыры болду эмгектин,
Шералиев Жоро аке.

* * *

Күмүштөй нурун себелеп,
Күн нуру жерге чачылган.
Адыры малга жык толуп,
Түзүндө пахта ачылган.
Тамеки эгип дан эгип,
Дыйкандар ишке шашылган.



Чоңмурунов Баатырбек,
Чоң эмгек кылып таанылган.
Өркөнү өскөн совхоздо,
Эки адам жашайт баатырдан.

— * —

Аксыны ырдап Анаштын,
Айтыла берет казалы.
Туурасын айтсак илгери,
Турмуштун өткөн азабы.
Тарыхтан калган эстелик,
Сафед-Булан мазары.
Калк үчүн кызмат кылууда,
Үч-Коргон, Кербен базары.

— * —

«Жаңагы сайдын ташындай,
Алмасы аттын башындай»,
Деп ырдаган Жеңижок,
Чындыгын айтсак ашырбай.
Мекени мөмө, жемиштин,
Эгини бышкан баш ыргай.
Шагылдуу сайдын боюна,
Шалылар өсөт а тургай.

— * —

Жеңижок сүйүп жактырган,
Көксулуу элдин чүрөгү.
Артыкча көрүп зайыптан,
Акындын соккон жүрөгү.
Бактысын таап баш кошкон,
Бап келип анын тилеги.
Баласыз кетти ал экөө,
Коебуз кимге күнөөнү?

Бирок да ыраа көрбөгөн,
Бирине бири кинээни.

* * *

Ааламга оюн жүгүрткөн,
Акылман чыккан Аксыдан,
Нурмолдо, Кыдыраалыдай,
Асылдар чыккан Аксыдан.
Жалпыга бирдей караган,
Жакшылар чыккан Аксыдан.
Эрназар аке сыяктуу,
Баатырлар чыккан Аксыдан.

* * *

Айтылуу Аксы кутман жер,
Пайгамбарлар чыккан жер.
Ымам-Ата баш болуп,
Кудайдын жолун туткан жер.
Шүкүр-Ата, Карагыз,
Тарыхта жашап өткөндөр.
Байыркы бир заманда,
Батыштан жасап жоортуулду,
Бул жерге келген Искендер.
Ошондуктан мен айтам,
Айтылуу Аксы ыйык жер.

* * *

Аксыда жашап өтүшкөн,
Акылман ата-бабалар.
Катчы болгон обкомдо,
Төрөгелди, Кадыке,
Сыдыков Матен агалар.
Чоң кызмат кылды Тажибай,



Чолпонкул менен Назарлар.
Субанкул аке, Смаке,
Султаке менен Сапарлар.
Малик аке, Вагинур,
Мамбетов жана башкалар.
Алардын кылган эмгеги,
Ала-Тоо менен барабар.

* * *

Айтылуу Аксы кутман жер,
Акылдуу инсан чыккан жер.
Абдыракманов Надырбек,
Акыйкат жолун туткан жер.
Ак жеринен камалып,
Абакка барып жаткан жер.
Аткарган иши ак экен,
Акталып кайра кайткан жер.
Жанына баткан азабын,
Жашырбай элге айткан жер.
Эсинен такыр чыгарбас,
Элесин анын көргөндөр.

* * *

Күзөнбай уулу Кожобек,*
Ак-Суудан чыккан эр эле.

---

х. Кузөнбаев Кожобек — Ак-Суу айылынан. Ал Ташкендеги Ленин атындагы командирлерди даярдоочу аскердик окуу жайын бүтүп, Бишкекте биринчи орус эскадронунун командири, кийин кенже командирлерди даярдоочу полктун жетекчиси болгон. 1938-жылы саясий жалган айып менен камалып, 1939-жылы 12-январда репрессиянын курманы болгон.



АКСЫ РАЙОНДУК БОРБОРДУК КИТЕПКАНА
Инв. № 4667

Ташкенден бүтүп окууну,
Командир болгон дээр эле.
Душмандан кайра тартпаган,
Тубаса баатыр, шер эле.
Саясий жалган ушактан,
Кармалып кетип жөн эле.
Түрмөдө жатып көз жумду,
Кымырып алды Жер-эне.

* * *

Отряд курап, жол баштап,
Арстаналы жүргөн жер.
Командир болуп жашынан,
Жалындуу өмүр сүргөн жер.
Ар убак даңктап сөз кылат,
Ал кишини көргөндөр.
Ак мектеп салып Ак-Сууга,
Аябай кызмат кылган жер.
Ак-Сууда жашап көз жумган,
Унутпайт аны билгендер.

* * *

Ныязалы комузчу,
Өмүрлүк жарын тапкан жер.
Өркүндөтүп өнөрүн,
Өрүктөн комуз чапкан жер.
Сулууларды суктантып,
Суу бойлоп далай баскан жер.
Талантын сынап күү чертип,
Тамашага баткан жер.
Эрмек болуп дайыма,



Эл көңүлүн ачкан жер.
Ак-Сууда жашап акыры,
О дүйнөгө кайткан жер.

* * *

Элдерин коргоп чыгышкан,
Кабаев менен Чомошев.
Орозов менен Чаңгылов,
Басмачы менен күрөшүп.
Каармандыкты көрсөткөн,
Күч сынашып, тирешип.
Кеп кылып эли даңкташат,
Кетсе да канча жыл өтүп.
Ар бирин айтып чечмелеп,
Сөз кылуу кыйын түгөтүп.

* * *

Кедейден чыккан шок бала,
Керимбаев Чоткара.
Шеркул уулу Кадыркул,
Ал кезде болгон жаш бала.
Өрнөктүү болуп кызматы,
Өсүштү эле такшала.

* * *

Өскөнбаев Ашырбай,
Акпаралиев Абдылда.
Сартмамбетов Токтогул,
Иштешкен Ала-Букада.
Мейман Рысалиев,
Кожобеков Амантай,
Таш-Көмүрдү бийлешкен,
Кызмат кылып талыкпай.

* * *

Арстанбаев Жусупбек,
Арстанбаев Асылбек,
Эл үчүн тике турушкан,
Биримдикти бекемдеп.
Көп кызмат кылган Мекенге,
Кулчороев Рыскул.
Баарына бирдей караган,
Байназаров Нуркул.

* * *

Туруктуу эле өзүнө,
Турдубаев Үчкемпир.
Калыс болгон ар ишке,
Калчороев Төлөштүр.
Баа бербей жүрүп тирүүндө,
Булардын көзү өтүптүр.

* * *

Жетишип асыл максатка,
Жетекчи болгон көп жылдар.
Сүйөркулов, Ботоев,
Асанов Эргеш агалар.
Катарында алардын,
Жаманкулов Тагай бар.
Суранбаев Жусупбек,
Дуйшөбаев Сатыбек.
Айткулиев Тургунбай,
Аттарын айтсак арбын да.
Кажыбай кызмат кылышкан,
Калың элдин алдында.

* * *



Кантип айтпай коёлу,
Качикеев Сарматты.
Депутат болгон биринчи,
Мугалимдерден ардактуу.
Уул, кызына Аксынын,
Билимдин туусун карматты.

* * *

Артынан чыкты жетилип,
Мамытбеков Жоробек.
Өмүрбеков Кожоке,
Акматов Анарбек.
Сейиткулдун Сманы,
Абазбеков Молдобек.
Мамыт Абылкасымов,
Жумагулов Алымбай.
Турдуш Султанмуратов,
Бекназаров Түгөлбай.
Элге кызмат көрсөткөн,
Эргешбаев Мазирбай.
Сүйлөгөн сөзү өтө төп,
Төрөбеков Зулумбек.
Миңбаев Баркы сыяктуу,
Окумуштуулар абдан көп.
Кыздардан чыкты белгилүү,
Эргешова Өктөмкан,
Алымкулова Айчүрөк.

* * *

Атактуу Аксы аймагы,
Акынга бай мурунтан.

Келешбаев, Жолдошев,*
Ыр жазып бирге чыгышкан.
Темиркул, Жунай, Төлөгөн,
Атагын кыргыз угушкан.
Гүлжамийла эжекем,
Булбулдай үнүн кубулткан.
Токтосун менен Ормонбек,
Аларды кимдер унуткан.
Талипов Ильгис, Салибай,
Ырлары жүрөк жылыткан.
Тургуналы, Орозбай,
Туурдан учуп чыгышкан.

* * *

Арбагын козгоп өткөндүн,
Аксыны даңктап ырдадым.
Калкыма айттым кабарлап,
Катылып жаткан сырларын.
Кыргыз элим унутпайт,
Кылымдап өткөн жылдарын.
Айтышып жүрөр урпактар,
Артымда калса ырларым...

---

х. Келешбаев Тажибай — Ак-Суу да туулуп-өскөн. Мурдагы Таш-Көмүр райондук газетасынын биринчи редактору болгон. Улуу Ата мекендик согуштан кайтпай калган.

х. Жолдошев Абдылда — Кичи-Акжол айылынан. Анын 1939-жылы «Толкундар арасында» деген ырлар жыйнагы чыккан. Жалал-Абад областтык «Большевиктик жол» гезитинин редактору болгон.



## СОГУШ КҮНӨӨЛҮҮ

Атам Үчкемпир уулу Соорoнбайдын, чоң энем Калбүүштүн, бир тууган агам Аманбайдын жана иним Самаштын эстеликтерине арнаймын.

Өзүмө өзүм ыраазы болбой,
Өз сыныма өзүм эч толбой.
Өзүмчө кээде бушайман болом,
Өксүктө өткөн күндөрдү ойлой.

Балалык кезим апаатта өттү,
(Унутам кантип уузда кезди?)
Аталар баары майданга кетип,
Азаптуу күндөр кендирди кести.

Ал кезде биздер жаш балдар элек,
Жигиттик мезгил башталa элек.
Жаңыдан гана мектепке барып,
Турмуштук ишке такшала элек.

* * *

Көтөрүлбөй көңүлдөр чөгүп,
Көптөгөн балдар көз жашын төгүп.
Курсактар тойбой, нан кенен болбой,
Жашадык кыйын күндөрдү көрүп.

* * *

Күн сайын «кара кагаздар» келип,
Жамандык иштен кабарлар берип.
Айылдын аңын учуруп ийди,
Ал кезек болчу азапка шерик.

Жаш балдарды сар санаа басып,
Ачкалыктан уйкулар качып.
Согуштук мезгил созула берип,
Өксүдүк ыйлап, суукка катып.

Арманда жашап, ачылбай көңүл,
Күйүтчүл өттү гүл жаштык өмүр.
Очокко жаксак суу отун күйбөй,
Жагуугa анда болсочу көмүр.

* * *

Атамды эстеп чоң энем ыйлап,
Калганда менин жүрөгүм туйлап.
Акемди жана атамды ойлоп,
Чыдамым кетчү сай сөөгүм сыздап.

* * *

Ойлорго чумуп ар түркүн таттуу,
Экөөнө бирдей жөнөтөм катты.
Бирок да жооп алалбай анан,
Көңүлүм чөгүп, санаага батчу.

* * *

Уламдан күчөп согуштун каары,
Жүдөдү чыны элдердин баары.
Кардыбыз тойбой кара суу ичип,
Жонго өткөн болчу жокчулук заары.

* * *

Азапка чыдап айдадым темин,
Багууга жарап бир жандын эбин.
Жайы-кыш тынбай колхоздо иштеп,
Орогун оруп, байладым чөбүн.

* * *



Инимди балдар үйүнө алып
Кетишти. Үйдө мен жалгыз калып.
Күн сайын эрте мектепке барам,
Баштыкка толо китебим салып.

* * *

Меш да жок анда, үйүбүз муздак,
Жатчубуз үшүп, денебиз муздап.
Кайгынын жүгү каптаган тегиз,
Жүрчүбүз анда жүрөктөр сыздап.

* * *

Кулдурак деген жасалма зоого,
Алгы өскөн бийик чыкчумун тоого.
Аштыкты казып, курсагым ачып,
Келчүмүн чарчап үйгө мен зорго.

* * *

Быша элек өрүк, алманы терип,
Себетке салып, үйгө алып келип.
Аргабыз канча? Кайнатып жедик,
Өлбөстүн эптеп бир күнүн көрүп.

* * *

Бир күнү мага чоң энем айтты:
— Билбеймин балам, чынбы же калппы?
Чырычтын түбү тамак болот,— дейт,
Чотуңду алып чоң кырга барчы!

* * *

Башымдан сылап, сооротуп аста,
Карматты анан колума калта.
Курсагым ачып турсам да араң,
Үн-сөзсүз кеттим жолумду тарта.

* * *

Чоң суудан өтүп, Мойноктон ашып,
Ак чырыч түбүн апкелдим казып.
Сүйүнүп энем, бетимден өөп,
— Чыдап тур бир аз, жасаймын азык!

* * *

Деди да анан апкелип сууну,
Чырычтын аппак тамырын жууду.
Беш-алты жолу кайнатып төгүп,
Андан соң сууга сүт кошуп куйду.

* * *

Чырычтын түбү күрүчтөй болуп,
Эзилип бышты чоң казан толуп.
Олтуруп чогуу баарыбыз ичтик,
Кампайып калдык курсактар тоюп.

* * *

Ошентип аны көп ичип жатып,
Оорудук кийин ак шишик басып.
Аз-аздан өсүп чоңоё бердик,
Азаптуу турмуш даамын татып.

* * *

Күндөрдүн бири. Почточу келди,
Жүзүндө жакшы жышаана белги.
Сүйүнчү айтып анан ал мага,
Атамдан келген бир катты берди.

* * *

Ал катты дароо колума алып,
Сыртына бир аз көз кырым салып.
Ачтым да ичин, окууга шаштым,
Адаттан ашык мен толкунданып.

* * *



— Майдандан ысык жиберем салам,
Мен ыраазымын жатсаңар аман.
Оң бутума осколка тийди,
Айыкса жарам ,мен үйгө барам!

* * *

Жатамын азыр чоң госпиталда,
Догдурлар көрөт жашоого айла.
Мен жөнүндө ойлобогула,
Тагдырга бирок жок тура арга.

* * *

Майдандан берсем силерге кабар:
Биздерде азыр жакшырды абал.
Батышты көздөй душмандар качып,
Жакында алар эсинен танар.

* * *

Душманга катуу урулуп сокку,
Жок кылдык атып он эки полкту.
Кубаттуу биздин куралдуу күчкө,
Жоокерлерибиз чоң салым кошту.

* * *

Ак үмүт менен тособуз таңды,
Жеңишке жетер күндөр аз калды.
Желдеттердин тилеги таш каап,
Жеңилбеске айласы барбы?!

* * *

Кошкула эми, болгула аман,
Турмушуңарда болбосун жаман.
Айыкса бутум жарадар болгон
Күткүлө, үйгө жакында барам!

* * *

Кубандым чексиз мен окуп катты,
Сөздөрү жүрөктү толкундатты.
Атамдын өзү келгенсип үйгө,
Бакытым баштан ашты да ташты.

* * *

— Сүйүнчү эне, сүйүнчү эне!
— Ал, ала гой!
— Бересиз эмне?
— Айтканыңды.
— Нан жесем болду.
— Сурабайсың башканы неге?

* * *

— Анткени, эне, курсагым ачты,
Нан бербесеңиз окубайм катты.
Сандыкты ачып, бир туурам нанды,
Чоң энем анан мага карматты.

* * *

— Угунуз эне!...
Окудум катты.
Чоң энем айтты:
— Кандай чоң бакты!
Деп анан кубанганынан улам,
Көзүнөн жашын тыялбай жатты.

* * *

... Көп күндөр жылып арадан өттү,
Кыш дагы чыкты. Жаз нурун төктү.
Май айы келип, адамдар баары,
Мал-келин айдап кыштоодон көчтү.

* * *



Эсептесем эки-үч ай болду,
Атамдан такыр кат келбей койду.
Эсибиз чыгып, энем да, мен да,
Каректер талып карайбыз жолду.

* * *

Кайра-кайра окутуп катты,
Чоң энем болсо кайгыга батты.
Уктабай күн-түн биз күтсөк деле,
Келбестен атам кечигип жатты.

* * *

Ар кандай ойлор катырып башты,
Чоң энем көздөн эч тыйбай жашты.
Уга албай жакшы кабарды такыр,
Убайым жеди, убайым тартты.

* * *

Кеч бешим эле. Койлорду айдап,
Мен келе жатсам өзүмчө ырдап.
Кандайдыр эле күтпөгөн жерден,
Көңүлүм өсүп, көңүлүм жыргап.

* * *

Акыш деген айылдаш бала,
Аркы чоң кырдан кыйкырды мага.
— Атаң келди аскерден!— деди,
Сүйүнчүң кана? Сүйүнчүң кана?!

* * *

Чуркадым шашып, койлорду таштап,
Кубаныч бийлеп, көзүмдү жаштап.
Мен келсем үйгө эл толгон экен,
Адамдар улам келүүдө каптап.

* * *

Аралап элди атама жеттим,
Көргөндө аны эреркеп кеттим.
Кучактап өөп, жыттадым көпкө,
— Канакей анан бир бутуң? — депмин.

* * *

Чачыман сылап олтуруп анан,
Суроомо мындай жооп берди атам:
Бутумдун бирин осколка жулуп,
Кан төгүлгөн майданда калган!

* * *

Бул сөздү угуп, шолоктоп ыйлап,
Ого бетер атамды кыйнап.
Жалгыз бутуна таңыркап карайм,
Ызага батып, жүрөгүм туйлап.

* * *

Мен эле эмес, элдер да ыйлап,
Атама баары аёлуу карап.
— Чымындай жаның эсен-соо келди,
Ойлонбо аны жүрөгүң канап.

* * *

Баламды менин көрдүңбү? — дешип,
Майданда бирге болдуңбу? — дешип.
Үстөкө-босток сурашып жатты,
Ыйлашып баары жүрөктү эзип.

* * *

Калтырбай элдин көңүлүн асти,
Баарына атам жооп берип жатты.
Сунулган жалгыз бутуна карап,
Кыз-келин тереӊ ойлорго батты.

* * *



Орденин көрүп кармалап жатсам,
Сурады менден мындай деп атам:
— Аманбай кайда? Самашым кайда?
Ичинен элдин мен көрбөй жатам!?

* * *

— Аманбай акем аскерден келип,
Аман-эсен эл, жерин көрүп.
Катуу ооруп, ал каза тапты,
Коюшту ыйлап, туугандар көмүп!

* * *

— Самаш болсо «детдомдон» ооруп,
Аны да койбой ач ажал тооруп.
Үйгө беш түнөп, анан көз жумду!...
Чындыкты айттым жашырбай толук!

* * *

Бул сөздү угуп боздоду атам,
(Жашырбай айткан ал менин катам).
— Айрылып эки баламдан, ботом,
Ак-Сууга эми мен кантип батам?!

* * *

Айрылсам буттан, айрылдым эле,
Ага мен канча кайгырдым эле?
Аманбай менен Самашты жоктоо,
Жөнүндө качан ой кылдым эле?!

* * *

Аларды аман көрөмүн дегем,
Аталык мээрим төгөмүн дегем.
Өмүрүм өтүп кетеби эми,
Экөөнү ойлоп кайгыруу менен?!

* * *

Эки уулум бирдей медерим эле,
Экөөнөн минтип айрылдым неге?
Кан төккөн ыйык согуштан келип,
Капилеттен кайгырдым неге?!
* * *
Кадалгандай жүрөккө жебе,
Кимдерге жамандык мен кылдым эле?
Таш боор өлүм, айтчы сен мага,
Тагдырым менин ушундай беле?!
* * *
Алтындай болгон балдарым эле,
Ак тилегимди арнадым эле.
«Таалайыңдан айрылып кал!» деп,
Тагдырым мени каргадың беле?!
* * *
...Ушинтип атам боздоду ыйлап,
Олтурган элдин бардыгын кыйнап.
Жалгыз буту сороктоп анан,
Жатып калды жүрөгү туйлап.
* * *
Бетине анын суу чачып энем,
Үрөйү учуп чебелектеген.
Бардыгы мени жемеге алып,
— Эси жок муну неге айттың? — деген.
* * *
Бул үчүн өзүмдү айыптуу сезип,
Мен качып кеттим үйүмдөн безип.
Атамдын ошондо боздогон үнү,
Кулактан кетпей, жүрөктү эзип!
* * *



Бир күнү атам чакыртып алып,
Акырын айтты мага кеп салып:
— Болор иш эми болуптур, балам,
Ал үчүн такыр сенде жок айып!
* * *
Угуп тур эми эсиңе салам:
Ал ишке согуш күнөөлүү, балам!
Кайгынын баарын мен унутайын,
Жанымда жүрчү сен болуп караан!
* * *
Деди да анан жүзүмө карап:
— Келтирген минтип жүрөккө жараат.
Убалы элдин согушка жетсин!
Согушка каргыш! Согушка наалат!
* * *
Деп атам мени койнуна катты,
«Жалгызым» деп жалбарып жатты.
Жаш кеткен эки уулун жоктоп,
Кайгынын жашы кан болуп акты!
* * *
Ченемсиз көрүп согуштан запкы,
Кантейин атам кайгыга батты.
Аманбай менен Самашын жоктоп,
Көзүнөн жашы көл болуп акты!...

* * *

19-март 1987-жыл.
Арашан чыгармачылык үйү.

## ЖЕТИЛГЕН ЧЫНАР

Атам ыраматылык (1896-1980-жылдар) өзүнүн бүткүл өмүрүн дыйканчылык менен өткөрдү. Ушул поэманын баш каарманы Садыралынын атасы Шертай уулу Добулбек ошол мезгилдеги Кызыл-Жар районунун алдыңкы койчусу болгон. Аны атам «Добулбек бай» деп коер эле. Экөө 1936-жылы Москвада өткөн эпкиндүү колхозчулардын биринчи Курултайына делегат болуп барышып, Москвадан достошуп кайтышкан.

Добулбек атамдан мурдараак 1950-жылы 56 жаш курагында дүйнөдөн кайткан. Атадан тогуз жашында калган Садыралы турмуштун татаал жолун басып өттү. Айыл чарба институтун бүтүрүп, чарбалык иштердин жоопту тармактарында эмгектенди. «Чырпыктан чынар жетилет» дегендей, ал азыр «Ак-Суу» совхозунун деректири. Кыргыз Жумуриятынын Улук Кеңешинин эл депутаты болуп шайланган. Бул поэмамда мен анын азыноолак басып өткөн өмүр жолун чагылдырууга далалаттандым.

Дээринде демилгеси, намыс-ары,
Депутат Добулбеков Садыралы.
Азыр ал акыл менен эл башкарып,
Аксынын аттуу-баштуу кадырманы.

* * *



Учурдун агымына сергек карап,
Унутпай ишке катуу койгон талап.
Чарбаны башкаруучу жетекчилер,
Бардыгы сендей болсо атаганат!

* * *

Аз уктап, ойлогону элдин камы,
Андыктан аны сыйлайт элдин баары.
Ар убак адамдарга кулак төшөп,
Ак дилден алкыш угуп турган чагы.

* * *

Айланып Кызыл-Жардын талааларын,
Аралап чабандардын баккан малын.
Алардын турмушунан кабар алып,
Ашырат иш жүзүнө айткандарын.

* * *

Арбалбай чагым менен жалган кепке,
Ар кимдин кемчилигин айтып бетке.
Алысты алдын-ала көрө билип,
Акылдуу ой жүгүртөт келечекке.

* * *

Турмуштун капшабында жетик өскөн,
Тууралык, чындык үчүн сөзү өктөм.
Маңызын ар бир иштин байкап көрүп,
Маалкатпай маселени туура чечкен.

* * *

Өмүрү өтүп келет чарба менен,
Өлчөмсүз түйшүк тура чарба деген.
Айрымдар «артта калган совхоз» дешип,
Айнытып «Ак-Сууга сен барба» деген.

* * *

Өзгөчө намыс күтүп Садыралы,
Өзүнчө тобокел деп бел байлады.
Олуттуу ой-максатын ишке ашырып,
Оңдоду эки жылда бул чарбаны.
* * *
Талanttuu талыкпаган жетекчини,
Татыктуу жетекчи деп сыйлайт эли.
Багытың бардык кезде шыдыр болуп,
Бактыңа демөөр болсун элдин деми.
* * *
Айылдын өзгөргөнүн көрүп эми,
Алкашып «Баракелде!» дешип сени.
Арнашып ак сакалдар ак батасын,
Айтышат: «Садыралы эрдин эри».
* * *
Бир жылда эки кабат кеңсе салдың,
Борборун совхозуңдун асфальттадың.
Заңкайган маданият үйүн куруп,
«Иш билги архитектор» деп аталдың.
* * *
Элиндин ишеничин толук актап,
Эртеңки күндөр үчүн айтар мактап.
Салмактуу эмгек кылдың Садыралы,
Андыктан мен ыр жаздым сени алкап.
* * *
Урпактар көңүлүндө бекем сактап.
Урматтайт эмгегиңди тереӊ барктап.
Атыңды өчүрбөстөн түбөлүккө,
Аткарган кызматтарың турар даңктап.
* * *



Ак-Суундун берекеси арта берсин,
Дыйкандар арабасын тарта берсин.
Кайрым жок катуу талап болбой туруп,
Айткандар түшүнбөстөн айта берсин!
* * *
Өрүшүң коомдук малга толо берсин,
Өрүлүк ар бир үйдө боло берсин!
Ак-Сууну көрөмүн деп келген мейман,
Арналуу ак боз үйгө коно берсин!
* * *
Уланткан унутулган ата салтын,
Кубансын убайыңды көрүп калкың.
Эмгегин аябастан иштеп берет,
Эгер сен жаза билсең элдин жарпын.
* * *
Маңдайы кары, жаштын жаркылдасын,
Мал баксын, жерге иштесин, тартынбасын.
Кыргыздын салты менен той өткөрүп,
Кыз келин көңүл ачып шаңкылдасын.
* * *
Жигиттер кайраты артып жалындасын,
Жалкоонун эки бүктөп кабыргасын,
Турбасын, тең жарышып эмгек кылсын,
Турмушка жаңы чыккан карындашым.
* * *
Ооба, азыр мурдагыдан заман башка,
Оң сөздү айтып жатам замандашка.
Оокаты кантип өтөт айткылачы,
Ойгонбой тигил жалкоо уктап жатса?
* * *

Бардыгы мурдагыдай даяр эмес,
Аяр бол, өзүң менен өзүң кеңеш.
Чын дилден агызбасаң маңдай терди,
Кур жалак калышыңа ажап эмес.

* * *

Өзгөрдү турмуш дагы, талап жаңы,
Туугандар көргүн мыктап камылганы.
Бирок, сен кол куушуруп бекер жүрсөң,
Таппайсың тамагыңа табылганы.

* * *

Азели бул дүйнөдө жашпы, кары,
Адамдын болуш керек намыс ары.
Жазасын алат тура бул турмуштан,
Жашоого баа бералбай жаңылганы.

* * *

Абайла айтканымды, туугандарым,
Ак-Ссуда тиккен талың, салган тамың.
Урууга бөлүнбөстөн биримдүү бол,
Ушуну өтүнөмүн, эсиңе алгын

* * *

Айтайын ,жердештерим, кайсы бирин,
Байкагын ой жүгүртүп мезгил түрүн.
Алдыга иши жүрсүн, аман болсун,
Камкор жан калк башчысы деректириң!

* * *

Унутпайт жакшы адамдар өткөн күнүн,
Улантпай жууп салат көңүл кирин.
Кантсе да катаалдыкта каяша айтпай,
Кадырын сактагыла деректирдин.

* * *



Жердештер арта берсин ынтымагың,
Жеңишке жетмейинче тынчыбагын!
Айыбыңды ачык айтып жемелесе,
Арданып жетекчиге тырчыбагын!

* * *

Ата уулу Добулбеков Садыралы,
Ар дайым ойлогону элдин камы.
Жайында буркураган жыт аңкытып,
Жагымдуу ар бир үйдүн алма багы.

* * *

Дагы бир басым жасап айтар жагы
Ак-Суунун күлүк аты — аргымагы.
Далай жыл байгелерде чыгып жүрдү,
Дубанга аты кеткен «Ак байпагы».

* * *

Ак-Ссуда жашап жаткан калктын баары,
Баштады элдик салтын кайра жаңы.
Суутуп күлүктөрүн майрамдарда,
Ышкылуу ат чапканга Садыралы.

* * *

Мүнөзү деректирдин жөп жөнөкөй,
Сөзү курч жана өзү тамашакөй.
Ак-Суунун байлыгына байлык кошту,
Ар жылы кирешени төмөндөтпөй.

* * *

Кездешкен кемчиликтен кыя кетпей
Калкы үчүн каршылыкка барат беттей.
Келтирген зыянынын бетин ачса,
Кээ бири деректирди жүрөт кектей.

* * *

Айрымдар арак ичип шарактады,
(Алардын көңүлүндө азап тагы).
Түбүнө түшкөндөрдү бөтөлкөнүн,
«Түз жолго баскын» деди Садыралы.
* * *

«Катуу сөз айтсам капа болбо,» деди,
Кайрадан турмушуңду оңдо деди.
Көчөгө чыккандан да уялышып,
Көптөрү ичкиликти койгон эми.
* * *

Ошентип насаат айтып, акыл айтып,
Катасын бетине айтып бадырайтып.
Тарбия ишин колго алгандыктан,
Садыштын иши жүрдү, кадыры артып.
* * *

Деректир-зоотехник, адис өзү,
Ар иштин өтөсүнө жетет көзү.
Башынан өткөндөрүн элестетип,
Баяндап бизге мындай айткан сөзү:
* * *

Жашымдан окууга көп көңүл бөлдүм,
Кездешкен кыйындыкка жеңилбедим.
Аяктап айыл чарба институтун,
«Кызыл-Жар», Баткенде да эмгектендим.
* * *

Андан соң «Жаңы-Жолдо» иштеп жүрдүм,
Эсеби көңүлдө жок өткөн күндүн.
Совхоздон районго көтөрүлүп,
Чарбалык жумуштарда көптү билдим.
* * *



Аралап колхоздорду, совхоздорду,
Тынбастан күн-түн чапкан күндөр болду.
Асыл тукум малдарды көбөйтүүдө,
Айтууга татыктуу көп иштер болду.
* * *

Башы өсүп райондо коомдук малдын,
Көп эле ээси болдук сыйлыктардын.
Алдыңкы орундарды алганы үчүн,
Эл дагы, мен да кошо сыймыктандым.
* * *

Күндөрдүн бири болчу. Конторумда,
Мен иштеп олтургамын столумда.
Аңгыча шыңгырады телефонум,
Тыңшадым эч нерсе жок түк оюмда.
* * *

— Сизсизби Добулбеков?
— Ооба,— дедим.
— Тезинен райкомго жетип келиң,
Деди да, коюп койду телефонду,
«Жайынча иш го» деген ойго келдим.
* * *

Аттасам эшикти ачып астананы.
Бар экен райкомдун катчылары.
Салт менен кол алышып учураштым,
Биринчи: «Олтур» деди Садыралы.
* * *

Олтурдум. «Иш кандай?» деп сурап калды,
Тартынбай түшүндүрдүм абалдарды.
Көрүлгөн даярдыкты баяндадым,
Кыштатууга карата коомдук малды.
* * *

Угушту кулак салып айтканымды,
Ойлодум: «аша чаап, шашпадымбы?»
Жок алар баш ийкешти, жакшы дешти,
Сезишип чындыкты айтып жатканымды.

* * *

Бир кезде биринчи өзү баштап кепти:
Добулбекович, иштер мындай,— деди.
— Сизди биз бир колхозго жиберебиз,
Ошону сүйлөшөлү ачык эми.

* * *

— Ал кайсы колхоз? — дедим.
— «Көк-Сарайга».
—Жок, барбайм, жашмын,— дедим таппай айла.
— Эч нерсе эмес, сизге жардам болот,
Деди. Анан макул болдум калбай арга.

* * *

Ошентип бул чарбада иштеп калдым,
Чынында турмуштук чоң сабак алдым.
Макталды колхозубуз «алдыңкы» деп,
Аткарып дайым ашык пландарын.

* * *

Тажрыйба таяныч чарба болуп,
Жакшырды элдин жашоо шарты толук.
Башкарма болдум мында он эки жыл,
Болгон жок чектен чыккан жаман жорук.

* * *

...Талаадан арып, чарчап келсем жаңы,
Телефон тынчымды алып шыңгырады.



— Чакырып жатат сизди райкомго,
Ушинтип секретарь кыз кабарлады.

* * *

Заматта райкомго жетип бардым,
Бар экен бардыгы тең катчылардын.
Биринчи акыбалың кандай? — деди,
Мен болсо иштин жөнүн баяндадым.

* * *

— Рахмат, айтканыңыз жакшы,— деди,
Көтөргөн демилгеңиз жакты,— деди.
Башкарып он эки жыл чоң чарбаны,
Ыраазы кылдыңыз сиз калкты,— деди.

* * *

— Чакырган себебибиз мындай,— деди,
(Ошондо биринчинин айткан кеби).
— Такшалган тажрыйбалуу жетекчисиз
Ак-Сууга жиберебиз сизди,— деди.

* * *

Жыты уруп сезимиме тууган жердин,
Деректир болуп анан мында келдим.
Айылдын ак сакалы, жаш, карысы,
Аларга башымды ийип салам бердим.

* * *

Баарынан бийик тура адам деген,
Баарлашып сүйлөшө бил адам менен.
Ар кандай кыйынчылык болсо дагы,
Айбыкпай жеңип келем алар менен.

* * *

Ооба чын, совхоз арткы чарба болчу,
Түрү жок болчу анда алгалоочу.

Карыз эле мамлекетке жети миллион,
Эч нерсе көралбадым арга болчу.

* * *

Кеңештим мына ошондо элим менен,
Ойлодум кыйындыкты кантип жеңем?
Малдарды жок кылгандар жүздөп, миндеп,
Себебин сураштырсак «билбейм» деген.

* * *

Бирөөн да сот жообуна тарттырбадым,
«Кама» деп милицияга чаптырбадым.
Жагымсыз иш экенин сезсем дагы,
Жамандык кылууну түк жактырбадым.

* * *

Ошондо мен кайрылдым эл-журтума:
— Өзүңөр калыс болуп сот кылгыла!
Жүздөгөн жылкылар жок. Кайда житкен?
Айткыла, кана кимдер чыдайт буга?

* * *

— Мүмкүнбү, сөз сүйлөсөм — деди бирөө,
Кезинде текшербеген бизде күнөө.
Каарыңа чындап алсаң Садыралы,
Камалат бир эле эмес, көп үй-бүлө.

* * *

Айыптуу адамдарды бизге бергин,
Ишенгин айтканына мындагы элдин.
Он күндө жок малдарды бар кылабыз,
Деп айтты. Мен аларга макул дедим.

* * *

Ошентип демилгени эл көтөрдү,
Жок болгон мал туягы түгөл өндү.



Ээн баштар шылкыйышып жер карады,
Бирок да эл акылы болду жөндүү.

* * *

Элим бар — ал жетилген чынар терек,
(Оюма так ушундай элес келет).
Бутагы бири сынса, бири көктөп,
Түбөлүк тамыр жайып жашай берет!

* * *

Чынында эл аларды сактап калды,
Кечирип күнөөлөрүн актап калды.
Адамдар ар түрдүүчө болот экен,
Акылга жарды болсо айла барбы?!

* * *

Аяйбыз карап туруп биз аларды,
Жоготкон адамдыкты, намыс-арды.
Чынында бир жагынан бооруң ооруйт,
Көргөндө бул сыяктуу тагдырларды.

* * *

Арыз жазып, көмөк сурап келгендердин
Абалын көңүлгө алып жардам бердим.
Бар болсо өзүбүздө мүмкүнчүлүк,
Баш чайкап эч бирине жок дебедим.

* * *

Айылдын аксакалы Суранбаев,
Айткулов, Дүйшөбаев, Мусабаев.
Акылдарын айтышып жардамдашты,
А азыр абал дурус, элим байып.

* * *

Айтканын дайым угуп карылардын,
Аларды турмушумда пайдаландым.

Кемчилик кетиргенди талкуулайбыз,
Кеңешип эл алдында айтып айбын.
* * *

Бар болуп турмуштагы биз самаган,
Бактылуу болсун деймин ар бир адам.
Баягы байоо жашоо эми болбойт,
Башкача нукка түштү биздин заман.
* * *

Андыктан азыр такыр талап башка,
Адамдар кыйналбастан жанын бакса.
Кайдыгер жүргөнүбүз жарашпастыр,
Дүйнөдө чоң өзгөрүү болуп жатса.
* * *

Башталып бардык жерде кымбатчылык,
Кейүүдө адамдар көп кеп-сөз кылып.
Чынында бул көрүнүш убактылуу,
Жакшылык келер бир күнү санаа тынып.
* * *

Төрт жылы кан төгүлүп тыйылбастан,
Мындан да кыйын турмуш өткөн баштан.
Жыйырма миллион эрден айрылганбыз,
Ал күндү жүрөлү эстен чыгарбастан.
* * *

Бүлүнбөй туралычы сабыр кылып,
Билинбей өтө берет жылдар жылып.
Барына топук кылып ата, баба,
Байыртан жашап келет кыргызчылык.
* * *

Адамды жараткан соң адам кылып,
Аябай берген ага акыл тунук.



Ыраазы болор эле тагдырына,
Жашаса өзүнө-өзү алымсынып.
* * *

Ушундай ой үстүндө жашап келем,
Утулбай тең жарышып мезгил менен.
Оор күндө оңой эмес эл башкаруу,
Ойлонуп өзүмө өзүм эсеп берем.
* * *

Кай жакта жүрсөм дагы элим деймин,
Калкыма кам көрүүдөн эринбеймин.
Үмүтүм күткөнүмдөй орундалса,
Үстүмөн жүк түшкөндөй жеңилдеймин.
* * *

Жыл сайын мал туягы өсүп барат,
Ага биз коё албадык жеңил карап.
Кыскарттык бир аз санын кой-эчкинин,
Минтүүгө турмуш өзү койду талап.
* * *

Жылкыны кайсы кыргыз кеп кылбасын,
Өстүрдүк өркүндөтүп анын башын.
Сатабыз бал кымызды шаардыктарга,
Аябайт ичкен адам ак батасын.
* * *

Ыкмасын мал багуунун өнүктүрүп,
Арттырып арбын алып азык-түлүк.
Жатабыз ата-баба салтын улап,
Жаштарды жакшы иштөөгө көнүктүрүп.
* * *

Совхоздо күзгү, кышкы жайыт кенен,
Чабылып даярдалат тоют белен.

Малчылар алган төлүн аман сактап,
Күч жумшайт кужурмөндүк эмгек менен.

* * *

Алдыңкы чабандар бар Алымбайдай,
Медеттей, Өзүбектей, Нарынбайдай.
Мактоого татыктуу эр-азаматтар,
Мал багып баатырларча иштейт талбай.

* * *

Болсо да суу жагынан кыйынчылык,
Өнүгүп барат бизде дыйканчылык.
Тамеки, буурчак, беде, жүгөрүнүн,
Түшүмүн өстүрөбүз белен кылып.

* * *

Ойлосоң, окурманым, мунун баары,
Мал үчүн көрүп жаткан элдин камы.
Алгалап адал эмгек кыла берет,
Ак-Суунун ак пейилдүү адамдары»!

* * *

Деди да, сөзүн бүттү Садыралы,
(Жүйөлүү анын бардык айткандары).
Ишине идеясы шайкеш келип,
Илгери боло берсин таалай, багы!

* * *

Сезимде жашап, бирок айтылбаган,
Жазылды ал жөнүндө чакан баян.
Өткөргөн өмүрүңө күбө болсун,
Өзүңө тартуулаган бул поэмам!

Февраль, 1992-жыл.



## БИШКЕК ШААРЫМ

Ассалому алейкум, Бишкек шаарым,
Ак дилден салам айтып турган чагым.
Аксыда туулуп-өскөн инсанмын мен,
Айылда тутандырган турмуш шамын.

* * *

Мен келдим салам айтып, Бишкек шаарым
Мээримиң тартып турат элдин баарын.
Карт тарых кайра айланып ордун тапты,
Акыйкат актыгыңдан айланайын!

* * *

Билгенге, бизге кымбат сенин атың,
Алтынга алмаштыргыс ар бир ташың.
Атыңды канча жолу өзгөртүштү,
Ал үчүн кимдер гана кайгырбасын!

* * *

Тирилип келген сымак Бишкек баатыр,
Бул ысым мүлдө журтка болду макул.
Ордого сен кайрылып келген үчүн,
Кубанып саймыктанат ар бир атуул.

* * *

Бишкек деп обон созом, ырлар жазам,
Бишкектин ыйык атын даңазалайм.
Бишкектин зыйнаты үчүн башымды ийип,
Бишкектин арбагына таазим кылам!

## АК-СУУ АЙЛЫМ

Ак-Суу айлым кооз сенин айланаң,
Адырында төрт түлүк мал жайнаган.

Жеңелерим, келиндерим бээ саашып,
Желесине тизип кулун байлаган.

* * *

Таң алдында таңшып булбул сайраган,
Талаасында түркүн гүлдөр жайнаган.
Көркөмүнө бул чөлкөмдүн көз жетпейт,
Көргөн адам көз карегин байлаган.

* * *

Кырчын жаштык күчкө кирип кайрадан,
Кыш чыгарып, кызуу эмгек кайнаган.
Турган кезде көзүм тирүү, аман-соо,
Тууган жердин турпагынан айланам!

* * *

Кайда жүрсөм сен турасың эсимде,
Күндүз, түндө, эртең менен кечинде.
Башка иш түшүп, мен кыйналып турганда
Чыйралтасың дем, күч берип сезимге.

* * *

Чагылышып өткөн турмуш көчүндө,
Балалыгым калган сенин өзүңдө.
Туулган жердин касиети улук деп,
Мен жар салам ар бир айткан сөзүмдө.

* * *

Туулган жерим, сыймыгымсың, туумсуң,
Жеген наным жана ичкен суумсуң.
Бап келтирип сүрөттөөгө тил жетпейт,
Бардыгынан улуусуң да сулуусуң!



## ТОМОГОЛУУ БҮРКҮТТӨЙ

(Төлөгөн Касымбековго)

Жаштык күндөр көз алдыңа элестеп,
Жаздың китеп «Адам болгум келет» деп.
Эр жеткенден максат койдуң алдыңа,
Элге талбай кызмат кылуу керек деп.

* * *

Ак тилектен ажырабай тынымга,
Айтканыңдай адам болдуң чынында.
Алп таланттан өлбөс эмгек жаратып,
Атың калды түбөлүккө — кылымга!

* * *

Кыргыз элдин ишенимин актадың,
Токтогулду, Курманжанды даңктадың.
Сындан өткөн «Сынган кылыч», «Кел-келиң».
Элестетет кары тарых катмарын.

* * *

Төкөм бүгүн алтымыштын белинде,
Болсо дагы жаш жигиттей деминде.
Томоголуу бүркүт сымак көз карайт,
Тою өттү туулуп-өскөн жеринде.
Аман болгун, журтуң берсин ак бата,
Узак жашап, жүзгө чыккын кеминде!

* * *

## ЫРДАН БҮТКӨН ЖАН ЭЛЕ

(Токтосун Тыныбековго)

Током өзү тоо суусунун шарындай,
Толкучу эле токтоо бербей Нарындай.
Тулку бою ырдан бүткөн жан эле,
Турат бүгүн арабыздан табылбай.

* * *

Ала-Тоонун акыны эле таңшыган,
Ал аттанып чыккан эле калкынан.
Акырында аргасыздан көз жумду,
Айыга албай азап чеккен дартынан.

* * *

Кылдат эле чебер черткен күүлөрдү,
Кымбат эле созгон коңур үндөрдү.
Ушул азыр көз алдыма элестейт,
Уктабастан таң атырган күндөрү.

* * *

Комузчу эле, кыякчы эле, ырчы эле,
Кол ойнотуп чертип ырдап турчу эле.
Акын эле китеп жазган ак таңдай,
Айтышканда ар бир сөзү курч эле.

* * *

Ойлоп көрсөк жашоо чиркин аз тура,
Өлчөмү жок өмүргө өлүм кас тура.
Ажал сага наалат айтам түбөлүк,
Ылгабаган карыны да, жашты да.

* * *

Током өзү тоо суусунун шарындай,
Толкучу эле токтоо бербей Нарындай.



Тулку бою ырдан бүткөн жан эле,
Турат бүгүн арабыздан табылбай.

* * *

## АЛТЫНДЫ ДАТ БАСПАЙТ

(Эркин Арстанбаевге)

Адамдардын ак ниети бар, куусу бар,
Айрымдары кара мүртөз, ичи тар.
Амалыңа карап туруп кол сунат,
Андайларды байкап туруп кабыл ал.

* * *

Кээ бири бар котур ташы койнунда,
Сырты сылык, көп нерсе бар оюнда.
Алар сага кирип-чыгып шыйпаңдап,
Амал издейт түшүрүүгө торуна.

* * *

Айрымдары куйтундаган өзүмчүл,
Болсо экен дейт баарысы эле өзү үчүн.
Кемчилигин айтып койсоң бетине,
Кастык ойлойт калыс айткан сөз үчүн.

* * *

Өз колунда райондун тагдыры,
Аткарчу иштер татаалданды, арбыды.
Билгин, иним, кимдин кандай экенин,
Бирдей эмес адамдардын бардыгы.

* * *

Адамдардын ак ниети бар, куусу бар,
Айрымдары кара мүртөз, ичи тар.

Эркин иним, бардыгына тегиз бол,
Айткандарым агалык сөз, кабыл ал!

## ЖАШОО ЭКИ ЖАРАЛБАЙТ

(Кудам Келешбай уулу Жумабекке)

Сайрандабай өтөт экен убакыт,
Сак-саламат жүргөнүбүз чоң бакыт.
Басар жолдун аягына чыгалбай,
Бул турмуштан кеткендер көп адашып.

* * *

Сиз менен биз тууганбыз да, кудабыз,
Куда болдук төп келишип мудаабыз.
Экөөбүз тең кулунубуз Ак-Суунун,
Сиздер Ошто, биз Кербенде турабыз.

* * *

Байыртадан ата салтын улантып,
Балдарыбыз баш кошушту кубантып.
Убактылуу ушул жашоо турмушта,
Урматташып сый көрүшкөн күн артык.

* * *

Аселяга, Жанарбекке чоң ата,
Болсом алар Сизди айтышат: таята.
«Москвичке» олтургузуп чыкканда,
Божурашып зериктирбейт жолката.

* * *

Өттү заман, өттү күндөр саналып,
Өткөн күндү дайым эске алалык.
Өкүнүчү ушул экен жашоонун,
Өмүр кайра келбейт тура жаралып!



Мазмуну

1. Аксы баяны 3—22
2. Согуш күнөөлүү 23—33
3. Жетилген чынар 34—48
4. Ырлар 49—54

206.